«БЕКИТЕМИН»
Кыргыз билим берүү
академиясынын президенти

_____________А.Д. Токтомаметов

«26» декабря 2019- ж.

**Батыркулова Айгул Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы»** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча

КӨЧҮРМӨ

Кыргыз билим берүү академиясынын билим берүүнүн жана тарбиялоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын жана мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын кеңейтилген жыйынын № 18 протоколу

Бишкек шаары, 24-декабрь, 2019-жыл

Жыйындын төрагасы: Добаев К.Д. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
Жыйындын катчысы: Супатаева Э.А.

Жыйынга катышкандар:

1. Добаев К.Д – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Рысбаев С.К. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Чыманов Ж.А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
4. Байгазиев С.О. - филология илимдеринин доктору, профессор;
5. Асанакунов Т.А - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
6. Абдухамидова Б.А.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
7. Аманова Г.М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
8. Супатаева Э.А. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
9. Жумабаева Г.А. - педагогика илимдеринин кандидаты;
10. Сакимбаев Э.Р. – медицина илимдеринин кандидаты, доцент;
11. Алымбаева Б.Б. –илимий кызматкери;
12. Абакирова А.Р. - илимий кызматкери.

КҮН ТАРТИБИНДЕ:

Изденүүчү **Батыркулова Айгул Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы»** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.

Илимий жетекчиси – филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев С.О. Илимий иштин темасы жана илимий жетекчиси Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 1999-жылдын 24-июнундагы, №6 протоколу менен бекитилген.

**Жыйындын төрагасы:** Диссертациянын негизги бөлүктөрүн тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнага берилет.

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

Жыйындын төрагасы: Изденүүчүнүн мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор бар болсо берсеңиздер.

ТАЛКУУЛООНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОР БЕРИЛДИ:

**Добаев К.Д., педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн романында» кандай легендалар бар? Легендалар эмне максатта колдонулган?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** «Кылым карытар бир күн» романы, андагы уламыштардын орду, тарбиялык мааниси чоң сөз кылууга арзыйт. «Кылым карытар бир күн» романы – сюжети көп тарамдуу, композициясы татаал, «адамзаттын көйгөйүн айткан көп маанилүү чыгарма». Муундар аралык байланыш, тарыхый акыл-эс жөнүндөгү идея, ыйман проблемасы, элдик уламыштардын эстетикалык салмагы, фантастикалык сүрөттөөлөр жана алардын чыгарманын идеясын ачуудагы мааниси, гуманизм идеясы, маңкуртчулук жана анын сабактары, чыгармадагы трагедиялуулук, адамдын улуулугун, эмгекчилдигин, анын нарк-насилин даңазалоо, романдын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү сыяктуу негизги проблемалар чыгарманы окутууда мугалимдин көңүл чордонунда болушу шарт. Романдагы уламыштардын мааниси, орду жөнүндө сөз кыла турган болсок, жазуучунун алгачкы «Кылым карытар бир күн» романына үч легенда киргизилген. Алардын ар

биринин өзүнчө таалим-тарбиялык, шарттуу-символдук мааниси бар.

Эне-Бейит легендасын Ч.Айтматовдун чоң чыгармачылык табылгасы деп айтсак туура келет. Анткени ага эпикалык дастандын сюжетине тете мазмун сыйдырылган. Раймалы-Бегимай легендасы Найман-Эне сыяктуу чыгарманын бүткүл кан-жүлүнүн аралап өтпөгөн жекече мүнөздөгү жомок-легенда болсо да, анын көтөргөн чоң идеялык-көркөмдүк жүгү бар. Атап айтсак, жазуучу эл оозунда сакталып калган аңыз сөздү өзүнчө бир бүткөн көркөм чыгарма деңгээлине жеткирип иштеп чыккан, «Ак булут» легендасы чыгармага кошумча иретинде, б.а., Абуталиптин тагдырына байланыштуу киргизилип, ал мурунку эки аңыз Сөз сыяктуу эле чоң идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп турат. Белгилей кете турган нерсе, ак булут – бул пейзаждык символ. Ак булут, кара булут ж.б булуттар асман ааламын ээлеп, ары-бери жылып жүрөт. Бул эки контраст көрүнүш эки башка маанини туюндурат. Үч легендадан көрүнүп тургандай, Айтматов элдик материалдарды жөн эле романга киргизип койбой, аларга чыгармачылыктуу мамиле жасап, өзүнүн идеялык-көркөмдүк концепциясына ылайыкташтырат.

**Добаев К.Д., педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Кыргыз адабиятынын предметтик компетенттүүлүктөрү, компетенттүүлүктүн 3 деңгээли илимий ишиңизде камтылдыбы? Предметтик компетенттүүлүктөрдү айтып өтсөңүз.

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Албетте, илимий изилдөө ишибизде легендалык чыгармаларды окутууда тема боюнча жаңы стандарттардагы компетенттүүлүктүн негизинде сабактар пландаштырылып түзүлдү. Предметтик компетенттүүлүктөр болуп, окурмандык, баалуулук –дүйнө таанымдык, адабий чыгармачылык эсептелет, репродуктивдүү эмес, көбүнчө продуктивдүү, креативдүү деңгээлдеги тапшырмалар орун алды.

**Асанакунов Т.А., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** 5-6-класста кайсы легендалык чыгармалар окутулат? Кандай усулдар колдонулду? Илимий ишиңизде кандай жаңы адабияттардан пайдаландыңыз?

**Жумабаева Г.А., педагогика илимдеринин кандидаты:** Илимий ишиңиздин максаты, жаңылыгы кайсы?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Илимий ишибиздин максаты кыргыз мектептеринде легендалык чыгармаларды ортоңку жана жогорку класстарында бүгүнкү заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү. Изилдөөнүн жаңылыгы легендалык чыгармаларды ортоңку жана жогорку класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгышы жана аны жүзөгө ашыруунун заманбап технологияларга ылайык интерактивдүү негизде иштелип чыгышында болду. Мектеп программасындагы легендалык чыгармаларды окутууда практик мугалим катары эксперментке түздөн түз

катыша алдым. Сабактын иштелмелери боюнча видео-сабак тартылып, дискке сакталып тиркелди. Бул да мугалимдерге жардам боло алат. Сабактын иштелмелери жаңы стандарттагы компетенттүүлүктүн негизинде пландаштырылып түзүлдү.

**Супатаева Э.А., педагогика илимдеринин кандидаты:** Диссертациялык ишиңиз кандай илимий жоболордон турду?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б:** Диссертациялык ишибиздин илимий жоболору төмөнкүдөй:

- кыргыз адабияты курсунда, т.а. V-XI-класстарда легендалык чыгармаларды окутуу процессин заманбап технологияларга ылайык өркүндөтүп, анын илимий-методикалык негиздерин тактоо;
- легендалык чыгармаларды интерактивдүү ыкмалар менен окутуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- мектеп программасына сунушталган конкреттүү легендалык чыгарманын мисалында демократиялык принциптерге таянган сабактын натыйжалуулугун арттыруучу негизги шарттарды белгилөө;
- легендалык чыгармаларды салттуу эмес жана интерактивдүү ыкмалар менен окутуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- легендалык чыгармаларды окутууга байланыштуу теориялык жактан негизделип далилденген, практикада ишке ашып текшерилген методикалык өзөк-концепцияларды жалпылоо.
- легендалык чыгармаларды окутууда сабактардын туура технология менен жүрүшү сабактардын сапаттык деңгээлин арттыруу.

**Супатаева Э.А., педагогика илимдерин кандидаты:** Сиздин илимий ишиңизге аналог катары каралган илимий иштер барбы, болсо, сиздин изилдөөңүздүн айырмасы эмнеде?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Бул багытта бир канча иштер жүргүзүлүп жүрөт, мисалы Н.Мараимова илимий ишинде 5-6-класстарда адабий жомокторду окутуунун заманбап методдорун, Т.Молдогазиевдин, А.Муратовдун эмгектеринде да биздин изилдөө обьектибизге кирген айрым чыгармалар боюнча окутуунун моделдерин сунуш кылышса, биз ишибизде легендалык чыгармалардын табиятын ачып берүүгө басым жасап, жаңы стандарттагы компетенттүүлүккө негизделген сабакты пландаштырып, заманбап технологияларды чыгармачылык менен пайдаланып, түздүк.

**Алымбаева Б.Б., илимий кызматкер:** Легенда деген эмне? Легендалык чыгармаларга кайсыл чыгармалар кирет?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Легендалар кыргыз эл оозеки адабиятындагы эң эрте жаралган жанрдын бири. Тарыхтын улуу жүрүшүндө жаралган табылга, бирок легенда тарыхтын өзү эмес, белгилүү бир тарыхтын элеси уланып айтылып калган, тарыхтагы бир белги же заттарды таанууда

көркөм иштелип чыккан адабият жанры катары эсептелет. Айрым учурда уламыш, болумуш деп айтылып келет.  Уламыш деген маанини берген түркчөдөгү «эфсане» сөзү фарсчадан келген. Батыш тилдеринде бул маанини туюнтууда «legendus» деген уңгудан келген «legепа, legende, 1eggenda, 1eyenda» ж.б. сездөр колдонулат. «legenaиs» уңгусуна тиешеси жок немис тилиндеги «sage», грек тилиндеги жана орусчадагы «предание, легенда» деген терминдер да «уламыш» терминин туюнтат. Түрк тилдүү элдерден азербайжан элинде «эфсане, миф, эсатир», түркмөндөрдө «эпсана, ровайат», өзбектерде «эфсане, ривайат», каракалпактарда «эпсане, легенда, аныз, аныз-энгиме», казактарда «аныз, аныз-энгиме, эпсане-хикает», башкырларда «риваят, легенда», Крым татарларында «эфсане», Казань татарларында «ривайат, легенда, экиет, бейт», алтайларда «куучын, кеп-куучын, легенда куу-чын», хакастарда «кип, чоох, легенда, чоох-чаах», тувалыктарда «тоол-чургу чугаа, төөгу чугаа», сөздөрү жалпы ат катары «тоол чургу болгаш төөгу чугаалар» шорлордо «пурунгу чоок, кеп-чоок, эрбек», карачайларда «айтыв, таврух», уйгурларда «ривает, эпсе-не», якуттарда «кепсээн, сехен, кепсел, булыргы сехен», долганларда «чукчах», тофаларда «улегер», чуваштарда «халап, миф, легенда», чанда да болсо «йумах» ж.б. терминдер кыргыздардагы «уламыш, легенда» деген түшүнүктү берет.

Легендалык чыгарма - kегендалар дээрлик фольклордук чыгармаларда, чоң чыгармалардын ичинде да кеңири колдонулуп, акын-жазуучулар талантына, жөндөмүнө жараша жаңы вариантка өткөрүшү легендаларга жаңы боёк, түс берип жаткандыгын изилдөөбүздүн обьектиси болгон легендалардын  сюжеттеринин негизинде  жазылган чыгармалардан байкоого болот. Атап айтсак, А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повести, «Кылым карытар бир күн» романдарында, Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмаларында  легенданын ажырагыстай  бириктирилиши, өзөгүн түзүшү менен өзгөчөлөнүп тургандыгын байкайбыз. .  Демек, мындай чыгармаларды легендалык чыгармалар деп атоого болот. Жалпы жонунан, адабий жомок деп аталганы менен чыгарманын өзөгүн жомок эмес, легенда түзгөндүктөн легендалык чыгарма деп карайбыз.

**Чыманов Ж.А., педагогика илимдеринин доктору, профессор**: Жомок менен легенданын бири-биринен кандай айырмасы бар

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Жомок – оозеки адабиятта кеңири тараган, ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма. Жомоктор кара сөз түрүндө да, ыр формасында да болот. Легенда – латын сөзү, бизче уламыш дегенди билдирет.  Ар бир улут тарыхын, ишенимдерин, жашоо

шарттарын, менталитетин, өкүнүч жана сүйүнүчүн ж.б. адабий чыгармаларында чагылдырат. Мындай чыгармалардын эң маанилүүлөрүнүн бири болуп уламыштар саналат. Муундан-муунга көбүнчө оозеки, кээде жазуу түрүндө берилген уламыштар, кайсы бир коомдо болгон окуяларга ачык-айкын түшүндүрмө берет. Уламыштар баяндалышы жагынан кыска жана нуска болот. Алар, бир жагынан белгилүү бир коомдун көз-караштарын түшүндүрсө, бир жагынан насаат берүү милдетин да аткарат. кара сөз баяндоо жанры болуп, баяндоосу кыска жана нуска,  тематикасы абдан бай болот.

**Чыманов Ж.А., педагогика илимдеринин доктору, профессор**: Бул илимий иштин негизинде канча илимий макала жарыяланды, кайсы басылмаларга жана жарыкка чыккан окуу китептериңиз, усулдук колдонмолоруңуз барбы?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү 24 эмгектер чагылдырылган: 17 макала жарыяланды, алардын ичинен 1 макала  Өзбекстандан,  3 макала Россиядан, 1 макала СКОПСтан, калган 11 макала КРнын УИАнын каттоосунан өткөрүлгөн илимий журналдарга басылып чыкты. «Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары» (авторлош), «Кыргыз адабияты» (Антология) Элдик балдар фольклору IV том,  Ала-Тоо уламыштары I- II том (авторлош), кыргыз адабияты предметинин стандарттын (иш группа) жана календардык планы, «Мыкты сабак-ийгиликтин ачкычы» аттуу окуу-усулдук колдонмобуз жарыкка чыкты.

**Абдухамидова Б., педагогика илимдерин кандидаты**:  5-6-класста кайсы легендалык чыгармалар окутулат? Кандай усулдар колдонулду?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** 5-класста Ч.Айтматовдун «Бугу Эне» уламышы, Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» , «Карагул ботом» чыгармалары. 6-класста Ж.Садыков "Энелердин жүрөгү", А.Осмонов «Толубай сынчы», Ж.Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек» чыгармалары. Салттуу эмес окутуунун ыкмалары сабак-сахна диспут менен айкалыштырылуу менен, интерактивдүү усулдар: башкарып окутуу,  5 мүнөттүк эссе, кайчылаш дискуссия ж.б.  Илимий иште жаңы предметтик стандарт , проф. А.Муратовдун, С.Рысбаевдин, Б.Бегалиеванын  ж.б. окуу-усулдук колдонмолору пайдаланылды.

**Алымбаева Б., илимий кызматкер:** Сиз сунуш кылган легендалык чыгармаларды окутуудан жаштардын мекенчил болуп тарбияланышына ишенесизби?

**Изденүүчү Батыркулова А.Б.:** Легендалык чыгармаларды  мындай жолдор аркылуу окутууда легендалардагы жана легендалык чыгармалардагы каармандар менен тарыхый инсандардын эл-жер, мекенге жасаган ыйык

мамилелери аркылуу жаштар байыртадан бери келе жаткан улуу салттарыбыздын мазмунун түшүнөт, андыктан мекенчилдик идеялары калыптанат.

**Жыйындын төрагасы:** Азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенттерине берилет.

ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР:

**Чыманов Ж.А., педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык жетилгендиги көп жагынан мектепте билим жана тарбия берүүгө байланыштуу болгондуктан, ал жерде окутулуучу предметтерди гумандаштыруу, адамзаттын байыртадан бери түзүп келе жаткан салттарын улантууну көздөөсү, жаштарды ыйман-ынсапка тарбиялоосу башкы милдеттердин бири болуп эсептелет. Элибиздин кылымдап топтоп келген жалпы адамзаттык мааниге ээ руханий дөөлөттөрүн сактап, соңку муундардын энчисине айландыруу мугалимдин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүнөн тикеден-тике көз каранды. Бул милдетти чечүүдө кыргыз адабиятын окутуу методикасын, анын ичинде элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөнүүнү өркүндөтүүгө зор роль таандык. Элдик оозеки чыгармалардын ичинен легенда жанрынын табияты, мүнөзү, аны окутуп-үйрөтүүнүн жөнөкөй эместигин шарттайт. Бул татаалдык окуучулардын ой жүгүртүүлөрүнүн оригиналдуулугун, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн өз алдынчалыгын активдештирүүнү талап кылат.

Жогорудагы проблемаларды чечүүнү алдыга коюу менен: “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген аталыштагы изилдөө ишин темасын тандап алыптыр. Анткени, легендалардын сюжеттеринин негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү, легенданын поэманын же чыгармалардын өзөгүн түзүшү, ажырагыстай бириктирилиши, сабактын формалары, чыгарманы талдоонун жалпы принциптери айрым эмгектерде үстүртөн колго алынган.

“Легенда” деген терминдин өзүнө эле ар кандай түшүндүрмө берилип жүрөт. Кээ бири уламыш катары караса, айрымдары болумуш деп эсептегендер да бар. Легенда деген эмне? Бул маселенин үстүндө белгилүү өлчөмдө илимий иликтөөлөр жүргүзүлгөн: К. Байжигитовдун “Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары”, К.Ибраимовдун “Адабият, аалам жана дүйнө”, М. Түлөгабыловдун “Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы”, А. Дыйканбаеванын “Кыргыз уламыштары”, Б.Кебекованын макалаларында илимий жактан иликтөөгө алынган.

Орто мектепте легендалык чыгармаларды үйрөтүү, туу чокусунда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2220 жылдыгынын түпкүрүндө миф, легенда

уютку, угутунан өнүп чыккан чындыкты калкытып алып чыгуу тарыхтын түркүктөрү катары кабыл алуу менен окуучулардын моралдык, адеп-ахлактык потенциалын алып чыгып, алардын рухий кенчине айландырыш керек. Легендалык чыгармаларды үйрөнүү маселесин теориялык-практикалык жактан чечүүнүн зарылдыгы анын илимий-методикалык жактан толук иштелбегендиги, турмуш талабынын өсүшү изилденип жаткан теманын актуалдуулугун шарттады. Учурдагы нравалык кризистин шартында бул теманы окутуунун өзү актуалдуу.

Ошондуктан бул изденүү иш кыргыз адабиятын окутуу методикасында дал ушул легендалык чыгармаларды ортоңку жана жогорку класстарда окутууну илимий-методикалык өңүттө изилдеп чыгуу максатын көздөйт. Изилдөө иши 3 главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилемекчибиз:

1) Диссертациялык иштеги эксперименттик жыйынтыктарды диаграмма түрүндө берүүнү сунуштайм.

2) Автореферат менен диссертациянын илимий аппараты айрым учурларда дал келбей калган. Диссертацияда берилген айрым маалыматтар орунсуз кыскартылып салынган.

А.Б. Батыркулованын иши 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого сунуштайм. Изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Асанакунов Т.А., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Диссертациянын темасы актуалдуу экендиги талашсыз. Азыркы мезгилде жалпы билим берүүчү орто мектептерде легендалык чыгармаларды окутуунун абалына көнүл бурулушу, башка чыгармалардан өзгөчөлөп турган касиетине маани берилүүсү зарыл экендиги байкалды. Ал эми изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан колдонулушу жана анын идеяларын болочок мугалимдерди даярдоодо мектептерде пайдаланышы, изилдөөнүн негизинен келип чыккан ойлор, тыянактар, сунуштар кыргыз адабияты предметин окутууга жардам берери илимий иштин практикалык маанисинин баалуулугун көрсөтүп турат.

Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилемекчибиз:

1) Диссертацияда орфографиялык, грамматикалык каталар кездешет.
2) Иштеги техникалык, орфографиялык мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен ишти коргоого сунуштайм

Жыйынтыктап айтканда, А.Б. Батыркулованын иши 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иш катары Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, аны коргоого сунуштайм. Изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Жыйындын төрагасы:** Диссертациялык иштин бүтүмү берилет.

**Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы»** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

**БҮТҮМ:**

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Легендалык чыгармаларды мектеп үйрөнүү, окутуу көйгөйүнө атайын кайрылуу, бүтүн бир системага салуу муктаждыгынан тышкары, аларды бүгүнкү заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу зарылдыгы, фольклордук мотивдеги көркөм туундуларды адабияттык окууда интеграциялап окутуу маселеси да, легендалык чыгармаларда руханий, педагогикалык баалуу казыналар болсо да, аларды азыркы жаштарды тарбиялоого колдоно албагандыгыбыз; легендалык чыгармаларды окутуу аркылуу этномаданий, коммуникативдик, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жактан жеткиликтүү изилденбегендиги жана бул багытта мамлекеттик стандартка ылайык келүүчү методикалык сунуштардын өз деңгээлинде иштелип чыкпагандыгы, легендалык чыгармаларды окутуу, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, легендалык чыгармаларды окутуу боюнча учур талабына жооп берген, сабак процессин демократиялаштырууну, кызматташтык педагогикасынын, инсанга багыттап окутуунун принциптерин негиз кылып алган, интерактивдүү окутууга, андагы жаңылануу процесстерине басым койгон илимий-методикалык эмгектин аздыгы биздин изилдөөбүздүн актуалдуулугун дагы бир жолу айгинелөө менен фольклордук мотивдеги чыгармаларды үйрөтүүнүн методикалык маселелерине кайрылуубузду шарттады.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу төмөнкүлөр менен аныкталат:** легендалык чыгармаларды ортоңку жана жогорку класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, бирдиктүү бир бүтүн бир системага салуу аракетинин жасалышында, аталган легендалык чыгармаларды жаңы стандартка, заманбап

технологияларга ылайык интерактивдүү негизде иштелип чыгышында, окутуунун натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталгандыгы; майнаптуу деп аталган методикалык ыкмалар жана окутуу технологиялары тажрыйбадан өткөрүлүп, практикага сунушталгандыгы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** адабият программаларынын жана окуу китептеринин легендалык чыгармаларга тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө, сунуш кылынган сабактын үлгүлөрү, ык-методдору окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн өстүрүүдөгү адабиятка, өтүлө турган темаларга кызыгууларын арттырууга, орто мектепте легендалык чыгармаларды окутуу боюнча материалдардын үлгүлөрү, методикалык сунуштар, технологиялар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө, окутуу технологияларын этнопедагогикалык негизде жаңылоого көмөк көрсөтөт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** легендалык чыгармаларды окутуунун абалын аныктоо, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча эксперименталдык класстарда тиешелүү сабактарды өттү, үйрөтүүнүн салттуу жана жаңы технологиялары иштелип чыгып, окутуучуларга сунушталгандыгы; ал сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык тажрыйбада жана илимий эмгектерде далилденгендиги ж.б.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү, сунуштардын негизделүү даражасы:**

Изденүүчүнүн жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары проблеманы чечүүгө карата мамиленин теориялык- методологиялык негизделгендиги, изилдөөнүн илимий аппаратынын тандалып алынган изилдөө методдоруна шайкеш келгендиги, илимий булактарга анализ жүргүзүү жана аларды практика жүзүндө колдонуу, педагогикалык - тажырыйбалык иштин натыйжалары, изилдөөнүн милдеттерине шайкеш келген изилдөө ыкмаларынын комплексин айкалыштыруу менен камсыз кылынат.

**Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши:** изилдөөдө Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологияларын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдору иштелип чыккан. Ошондуктан “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" аттуу темадагы диссертациялык иш 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине туура келет.

Автореферат диссертациянын мазмунун толугу менен чагылдырат. Анда окшош берилген кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелер бар.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Батыркулова А. Б. «Толубай сынчы» поэмасында сынчыл ойлоону өнүктүрүү // Материалы международной научно-прак. конференции «Образование в XXI веке: Ценность и перспективы» - Бишкек, 2002.- 202-207.-бб.
2. Батыркулова А. Б. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Кыргыз адабияты / КРнын мектеп-нде предметтик билим берүүнүн мам-тик *стандарттары.* / Түз. Байгазиев С., Муратов А., Турдугулов А. , Үсөналиев Т. - Бишкек-2006. - 201-212-бб.
3. Батыркулова А. Б. V-класста «Бугу эне» легендасын окутууда диспут жана сахна сабактарын айкалыштыруу // Эл агартуу - 2007 - № 7-8. - 28-34-бб.
4. 6-класста «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу этнопедагогикалык идеялар боюнча тарбия берүү // Эл агартуу - 2007 - № 7-8. - 21-27-бб.
5. Батыркулова А.Б. Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары : *усулдук колдонмо*. – Бишкек, 2008.
6. Батыркулова А.Б. Уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун айрым маселелери // Кыргыз билим берүү академиясынын 60 жылдыгына арналган XXIV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. –Бишкек, 2011.-166-170-бб.
7. Батыркулова А. Б. Мыкты сабак –ийгиликтин ачкычы : *усулдук колдонмо*. – Бишкек, 2011.
8. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабияты (Антология). Элдик балдар фольклору IV том / Кыргыз адабиятынын *антологиясы* – Түз. Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А. – Б., 2012.
9. Батыркулова А. Б. «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу этнопедагогикалык идеялар // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. – 2012. - №1 -149-152 – бб.
10. Батыркулова А.Б. Некоторые проблемы изучения произведений, написанных на основе фольклорного сюжета // Сборник материалов Республиканской научно-практ. конференции. - Фергана. - 2012. - С.194-195.
11. Батыркулова А.Б. Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестин окутуудагы интерактивдүү ыкмалар // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. -

2013. - №2 -124-128-бб.
12. Батыркулова А.Б. Методы использования мультимедийных технологий в процессе преподования манасоведения // Материалы VII Международной конференции, посвещенной 80-летию КГТК им. Т.Кулатова. – Москва: РУДН. - 2013.- С. 88-92.
13. Батыркулова А. Б. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын окутуудагы уламыштардын мааниси // Ж.Баласагын атындагы КУУ жарчысы – 2013. - №1. - 85-90-бб.
14. Батыркулова А. Б. Орто мектепте уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуу // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - №2 (26) - 2013. - 35-39-бб.
15. Батыркулова А. Б. Жаш муунду тарбиялоодо элдик педагогиканын ролу. (Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестинин мисалында) // КББА кабарлары XXV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. - 8-9-декабрь, 2014. -104-108-бб.
16. Батыркулова А.Б. 6-класста А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасынын идеялык-тематикалык негизин, көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн окутуунун жолдору // И.Арабаев атындагы КМУ Жарчысы - 2015. -399-406-бб.
17. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 1 том.
18. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 2 том.
19. Батыркулова А. Б. Ж.Садыковдун “Энелердин жүрөгү” поэмасын окутуунун ыкмалары жана жолдору // Известия вузов.- 2017. - №4. – 137-139-бб.
20. Батыркулова А.Б. Modern Ways of Application of innovative Teaching Methods for the Development of Creative Activity in the Teaching Process/ Springer. – 2019.
21. Батыркулова А.Б. Литературное развитие учащихся в школах Кыргызстана // Научный аспект. – 2019. - № 12.
22. Батыркулова А. Б. Воспитательные основы легенд в романе Ч.Айтматова «И дольше века длиться день» // Научный аспект. - 2019 - № 12.
23. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабиятынын *календарлык планы* 5-11-класстар. - Бишкек-2019 - 58 б.
24. Батыркулова А. Б. Легендалык чыгармаларды окутуудагы өзгөчөлүктөр // Известия КАО. - Бишкек, 2019.

**Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду. Макул"- баары (12), "Каршы"- жок, "Калыс"- жок. Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.**

Кыргыз билим берүү академиясынын Билим берүүнүн жана тарбиялоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын жана мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын кеңейтилген отуруму **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы»** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. Батыркулова Айгул Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» темасындагы 13.00.02.- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

Жыйындын төрагасы:
п.и.д., профессор К.Д. Добаев

Жыйындын катчысы: Э.А. Супатаева

КОЮЛГАН КОЛДУ ЫРАСТАЙМ
ЗАВЕРЯЮ ПОДПИСЬ
КББАнын КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
Бөлмөтова
«28» 01 2020

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ